# МУХАРРАМ АЙЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# فضائل شهر المحرم

**{Кыргызча – Kyrgyz – القرغيزية}**

www.islam-kg.com редакциясы

www. islam-kg.com من موقع

مراجعة: فريق اللغة القرغيزية بموقع دار الإسلام

# МУХАРРАМ АЙЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

www. islam-kg.com редакциясы

## МУХАРРАМ АЙЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Имам Муслим Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Алланын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) айтты:«***Рамазандан кийинки эң абзел орозо Аллахтын Мухаррам айындагы орозо, парз намаздан кийинки эң абзел намаз түнкү намаз***»

Имам Бухарий жана имам Муслим риваят кылган хадисте Ибн Аббас (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) мындай дейт: «***Алланын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) Мадинага хижрат[1] кылып келгенде жөөттөрдүн Ашура күнү орозо кармаганын көрүп, алардан:***

- ***Эмне үчүн бул күнү орозо кармайсыңар? деп сурайт. Алар:***

- ***Бул күнү Аллах Таала Муса (Ага Алланын саламы болсун) жана анын коомун куткарып, Фараон жана анын коомун чөктүргөн. Муса (Ага Алланын саламы болсун) шүгүр кылып, орозо кармаган улуу күн, биз да – бул күнү – орозо кармайбыз деп жооп беришкен. Алланын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун):***

- ***Биз Мусага (Ага Алланын саламы болсун) силерден акылуубуз» деген. Ошол күнү орозо кармап, үммөтүн да орозо кармоого буюрган***».

[1] көчүү

Имам Муслим Абу Катададан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Алланын элчисинен (Ага Алланын салават-саламы болсун) Ашура күнү кармалган орозонун сообу жөнүндө сурашты: «***Өткөн бир жылдык күнөөлөргө каффарат[2] болот***» деген.

Имам Муслим Абдулла ибн Аббастан (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Алланын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) айтты: «***Келерки жылы тирүү болсом, тогузунчу күнү да орозо кармаймын***». Абу Бакрдын (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында, «***т.а. Ашура күнүнү***», деген кошумчасы бар.

Абдулла ибн Аббастан (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) риваят кылды: «***Алланын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) Ашура күнү орозо кармап, (башкаларды да) кармоого буюрганда, (сахабалар) айтышты: Бул жөөттөр жана христиандар улуктай турган күн. Алланын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) «Эгер Аллах кааласа кийинки жылы, тогузунчу күнү да кармайбыз***» **деди. Кийинки жылдын Ашура күнүнө жетпей Алланын элчиси (*Ага Алланын салават-саламы болсун*) дүйнөдөн кайтты.** (Имам Муслим).

**Түшүндүрмө**:

Ашура күнүндөгү орозо деп айтылганда, Мухаррам айынын онунчу күнү кармалган орозону түшүнөбүз. Бул күнү Аллах Таала Муса (Ага Алланын

[2] өчүрөт

саламы болсун) жана анын коомун куткарып, Фараон жана анын коомун чөктүргөн күн. Алланын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) бул күнү орозо кармоону сүннөт кылган жана өткөн бир жылдык (кичине) күнөөлөргө каффарат болоорун айтып кеткен. Алланын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) кылган ибадаттарында китеп ээлерине[3] окшоштук болсо, алардан башкачараак кылууну жакшы көрчү.

Ошондуктан келерки жылы тогузунчу күндү кошуп орозо кармоону жарыя кылган. Тилекке каршы, Аллах Таала кийинки жылы Ашура күнүнө жетүүнү насип кылбады. Бирок, анын сүннөттөрүнө амал кылуу Кыяматка чейин кала берет, үммөтүнүн момун пенделери Мухаррам айынын 9-жана 10- күндөрү орозо кармап келүүдө.

[3] Жөөт жана христиандар

IslamHouse.com